Жаштык бул - ЖИГЕР!

# НУР

Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg

№08 (221) 2023-жыл, ноябрь    Гезит 1992-жылдан бери чыгат • oshmu.nur@mail.ru

# 1200$ ӨЛЧӨМҮНДӨ «АТУУЛДУК СТИПЕНДИЯ» ТАПШЫРЫЛДЫ




3-бет

## AKADEMIK ALMASHINUV DASTURI



5-бет

## ЫРЫСГҮЛ НАРЫНОВА: "ЧЫДАЙ АЛБАЙ ЫЙЛАП ЖИБЕРДИМ"



4-бет

# Улуулардан улуу кеп



**Таалим маанилүүбү же тарбиябы?**

**Урматтуу студент дос, ушул суроо сизди ойлондурду беле? Мектепте берилген, жашоодон алынган билимге караганда, үй-бүлөдө берилген тарбиянын орду чоң. Эң негизгиси – таалим менен тарбияны эриш-аркак алып жүрүү керек. Жогорку окуу жайлардын окутуучуларынан билим алып гана чектелбестен, тарбиялык маани камтылган улуу кеп да уга жүрөлү деген максатта"Улуулардан улуу кеп" аттуу сериябызды сунуштайбыз. Кезектеги сериябыздын коногу ОшМУнун орто кесиптик берүү департаментинин директору, м.и.к. доцент Чыңгызбек Мамажакып уулу**

## Үлгүлүү коом – үй-бүлөдөгү тарбиядан башталат

Үй-бүлө, балалыктан жаштыкка, жаштыктан тээ карылыкка чейин уланып барган жашоо сүртүмдөрүнүн ар бир кадамында адамды таптаган, баалаган, тааныштырган биримдиктин аты.

Негизинен адам баласы үй-бүлөсүнүн жана туугандарынын көлөкөсүндө корголоп, сүйүүнү, биримдикти, ишенимди, ачууну да, татууну да бөлүшүүнү, бактылуу жана бакубат жашоонун даамын сезет. Адеп-ахлакты, маданиятты, ишенимди жана башка баалуулуктарды үйрөнөт. Сезимдерди да ушул мектептен үйрөнүп, алгачкы кылык-жоруктарын да ушул үй-бүлөдө калыптандырат.

Азыркы учурда дүйнөдөгү глобалдашуунун таасири менен үй-бүлө өз баалуулугун жоготуп бараткандай туюлат. Инсандын инсан болуп калыптануусунда чөйрөнүн да таасири өзгөчө. Бирок коомдогу болуп жаткан оң, терс көрүнүштөргө себепчи болуп жаткан инсандардын ишмердүүлүгүндө алардын үй-бүлөдө алган тарбиясы чоң мааниге ээ. Андыктан үй-бүлө тарбиянын негиздеринин үстүнө курулбаса, коомдун тарбиялуу болушу дагы мүмкүн эмес. Ар бир жаңы төрөлгөн бала табигый аруулугу менен төрөлөт. Ал жазуу жазылбаган ак барактай. Ата-эненин милдети бул баракка эң оболу адамдарга, коомго пайдалуу болуп жашоого негизделген жазуулардын болушуна көңүл буруу. Ар бир ата-эне балдарын коомдун эң жакшы мүчөсү кылып тарбиялап чыгарууну көздөйт. Бул жерде белгилеп кетүүчү бир маанилүү эреже бар. Сөздөрү балдарына таасирдүү болушун каалаган бардык ата-энелер, айтайын деген нерсесин оболу өздөрү жакшылап аткарып, андан кийин гана башкалардан талап кылуусу керек. Сөзүмдүн түшүнүктүү, далилдүү болушун бир мисал менен бекемдейин. Өз доорунун даанышманы болгон улуу инсан Имам Азамга бир ата-эне баласын алып келип мындай дейт: "Бул балага  көп бал жеген зыян, жебе деп айтсак көнбөй жатат, балким сиз айтсаңыз көнөт",- дешет. Имам Аазам баланы 40 күндөн кийин алып келгиле дейт. Айтканындай 40 күндөн кийин алып келишет. Имам балага мээрим менен карап, "Балам, бал жебегин",-деп айтат. Бала атасынын колун өөп, "Ата, эми бал жебеймин",-дейт. Ал жерде тургандар эй имам, бул насаатыңызды ошондо эле айтсаңыз болбойт беле, бизди 40 күн күттүрбөй деп ызылдашат. Анда ал баланы мага алып келген убакта, мен да бал жеп алган элем, сөзүмдүн таасирдүү болушу үчүн, жеген балды денемден чыгарып салышым керек эле деген экен. Орустун улуу окмуштуусу В.А. Сухомлинский айткандай "Алгач өзүбүздү тарбиялашыбыз керек, анткени балдарыбыз бизге окшош болушат."

Үйдө олтуруп алып, сурап келген адамга "үйдө жок" деп кой деп балдарыбызга айттырып, анан эртеси жалган сүйлөбө деп кантип балдарга насаат беребиз? Ал айтканыбыз балага канчалык деңгээлде жугуму болот? Тескерисинче балдарыбыз жалган айтканды бизде үйрөнүп жатышпайбы!

Негизинен үй-бүлөдөгү тарбия берүү принциптери өтө көп. Алардын баарына токтолуп, санап өтүү гезитибиздин кичинекей рубрикасына баткыруу мүмкүн эмес. Бул боюнча көптөгөн изилдөөлөр, китептер, эмгектер бар. Бала тарбиялоо, ал үчүн өзүңдү тарбиялоо, бул багытта ойлорду өзгөртүү, аракет кылуу кеч болбошуна өзүм күбө болдум. Мисалга алсам, мындан 3-4 жыл мурун Бишкек шаарындагы китеп дүкөнүнө баш багып калдым. Бала тарбиялоо боюнча китептерди барактап көрүп, эки китеп сатып алдым. Окуп жатып эле андагы эрежелерди сактап баштадым. Өзүмдөгү кемчиликтерди байкадым, алардан арылуунун аракетин көрдүм. Жыйынтыгы көп узабай эле билине баштады, кыздарым, балдарым мени менен жакын болуп бара-бара сырдаш да болуп кеттик. Бир чечим кабыл аларда мен айткандай болорун билип турсам да, алардан кеңеш сурайм, ойлорун угам.

Бир аз мурда белгилегендей инсанды тарбиялоодо чөйрөнүн да таасири зор. Чөйрө элементтеринин эң башында үй-бүлө турса, экинчиси мектеп, үчүнчүсү жоро-жолдош, дос чөйрөсү жана башка. Балдарыбыз көчөгө чыкканда каерге барарын, компьютерди кандай тармакта колдонгонун, интернетте кандай сайттарга киргенин, кандай оюндарды ойноп жатканын, телевизордон кандай берүүлөрдү көрүп жатканын сөзсүз билишибиз керек. Бул боюнча бир канча эрежелерди иштеп чыгып, аларды аткарууда балдарыбыз менен келишимдерди түзсөк жакшы болот. Бир нерсени такыр тыюудан мурун, ага альтернатива болгон, андаш жакшыраак башка вариант сунушташыбыз зарыл.

Келечек жаштардын колунда – деп айтып келебиз. Мен айтар элем, келечек – илимдүү, билимдүү жана ыймандуу жаштардын колунда деп. Адам иилимдүү, билимдүү болушу мүмкүн, бирок тарбиясы, адеп-ахлагы, ыймаңы төмөн болсо, анын билимдүүлүгүнөн коомго пайда аз. Үй-бүлөдөгү туура тарбия мектепте да уланышы абзел. Ал үчүн мектепте да Гапыр Мадаминовдой, жазуучу Куштарбек Кимсановдун "Эң мыкты адам" китебиндеги профессор С.А. Рачинский сыяктуу жаштардын келечегине, тарбиясына, билимине кайдыгер карабаган мыкты педагог, новатор, кесипкөй устаттардын көп болуусу керек.

Үй-бүлө менен мектептен туура тарбия, сапаттуу билим алып келген улан, кыз жогорку окуу жайда да ийгиликтерди жаратып, андан ары жакшы кесиптин ээси болуп, өзүнө да өзгөгө да пайдалуу инсан болушу шексиз. Андыктан үлгүлүү коом курууга, пайдалуу, ыймандуу, билимдүү инсан тарбиялоодо өз салымыбызды кошуп, саясатчы эмес, саякатчы, бузуучу эмес, куруучу болууга умтулалы.

**С. Маматкары уулу**

Жаштык буга - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити @oshsu.kg www.oshsu.kg

# 1200$ ӨЛЧӨМҮНДӨ «АТУУЛДУК СТИПЕНДИЯ» ТАПШЫРЫЛДЫ




ОшМУнун эң мыкты 10 студенти 1200$ өлчөмүндө «Атуулдук стипендия» алды

Кыргызстандагы эң абройлуу стипендиялардын катарындагы ОшМУнун “Атуулдук стипендиясы” окуу жайдын эң мыкты 10 студентине тапшырылды. Стипендия тапшыруу ушул жылдын 29-ноябрь күнү “Атуулдук стипендиянын” 10 жылдык маарекесине арналган салтанаттуу кечеде өттү.

“Атуулдук стипендия” 10 жылдан бери туруктуу берилип келет. Стипендия 1 студентке айына 100 долларды, жылына 1200 АКШ доллары өлчөмүндө берилет. Аны өз алдынча аракеттенип, коомдук иштерге активдүү катышып келген, сабактарын мыкты өздөштүргөн, ОшМУдан сырткары чет өлкөлөргө чыгып, илимий, билим берүү жаатында өз тажрыйбаларын кеңейтип, кесиптик чеберчиликтерин өнүктүрүп келе жаткан студенттерге сынактын негизинде ыйгарылат.

10 жылдык маарекелик иш-чарага буга чейин стипендиат болуп, учурда түрдүү тармакта үзүрлүү эмгектенип жаткан бүтүрүүчүлөр конок катары чакырылды. Алар стипендия алган учурдагы сезимдери, ийгиликтери тууралуу айтып, жалпы студенттерди дайыма талыкпай билим алууга чакырышты. Жолугушуунун алкагында “Атуулдук стипендия” алган стипендиаттардын бирикмеси түзүлөөрү айтылды.

ОшМУнун ректору Кудайберди Кожобеков аземде сүйлөгөн сөзүндө: “Мен буга чейин да айтып жүрөм бул стипендия студенттерге Нобель сыйлыгы сыяктуу. Бул стипендияны берүү чечимин айтканда профессор агайыбыз мен да бир убакта Сталиндик стипендия менен окудум эле. Ошол кыйынчылык мезгилде биз стипендия менен бийик ийгиликтерге жеттик. Студенттик мезгилде алган стипендиямды кайра мамлекетке кайтарып беришим керек. Көп жыл ойлондум, эң жакшы үлгү катары мен ушул жыйган каражатымды студенттерге мөөнөтсүз стипендия кылып берүүнү чечтим деди. Бул стипендия ОшМУ канча жашаса ошончо жашай турган стипендия болуп калды. Жыл өткөн сайын же стипендиянын өлчөмү, же алган студенттердин саны көбөйүп турат. Андыктан сиздерди да бүгүн ушундай тарыхый учурда стипентияны алып жаткандыгыңар менен куттуктайм”, -деди.

Стипендиаттар жыл сайын «ОшМУнун мыкты студенти» конкурсу жөнүндө жобонун негизинде тандалып алынат. Жобого ылайык конкурс 2 этаптан менен өтөт. 1-этап факультеттик деңгээлде, ал эми 2-этап университеттик деңгээлде өткөрүлөт.

2023-2024-окуу жылындагы “Атуулдук стипендияга” Эл аралык билим берүүнүн программаларынын жогорку мектебинин туризм программасынын студенти Жанарбек кызы Элнура, Медицина факультетинин дарылоо иши адистигинин студенти Ирода Алиева, Кыргыз-Кытай факультетинин студенти Айбек кызы Элнура, МИТ факультетинин студенти Зулайка Аппозова, Кыргыз филологиясы жана журналистика факультетинин журналистика адистигинин студенти Арууке Камалдинова, Медицина факультетинин фармация адистигинин студенти Динара Камчыбекова, Тарых жана социалдык иштер факультетинин студенти Элнура Кудайбердиева, Эл аралык мамилелер факультетинин студенти Эрнис Ормонов, Орус филология факультетинин студенти Зарина Апышева, Искусство факультетинин студенти Гүлмайрам Колдошова ээ болушту.

Бул стипендия ОшМУда эмгектенген, илимдин доктору, профессор меценант агай тарабынан берилип келет. Агай өзүнүн өмүр бою жыйнаган мүлкүн банкта сактап, аны окуу жайга мурастап, мыкты окуган, өзгөчөлүккө ээ болгон студенттерге стипендия кылып берүү оюн билдирген. ОшМУнун жетекчилиги бул стипендияны 50 жыл бою төлөөгө банк–профессор агай–университет болуп, үч тараптуу келишим түзүшкөн.

2012-жылдан тартып “Атуулдук стипендия” алган студенттердин саны 45ге жетти.









**ОшМУнун маалымат борбору**

# Айсулуу Тыныбекова ОшМУнун студенттери менен жолукту

17-ноябрь күнү ОшМУда Дүйнөнүн 3 жолку, Азиянын 5 жолку чемпиону, КРдин эмгек сиңирген спортчусу Айсулуу Тыныбекова студенттер менен жолугушуп, баарлашты. Окуу жайдын жалпы жамааты, студенттери, спортчулары катышкан жолугушуу алгач Айсулуу Тыныбекованын спорттук ишмердүүлүгү тууралуу даярдалган видеоматериал менен башталды. Андан соң чемпион окутуучулардын жана студенттердин суроолоруна жооп берди.

Жолугушуунун жүрүшүндө Айсулуу Тыныбекова студенттик күндөрдү ырахат менен өткөрүп, билим алып, мээни машыктырып, дайыма өнүгүп туруу керектигин айтты. Ошондой эле күрөштү жашоосун өзгөртүү үчүн тандаганыдыгын белгиледи. Спортто биринчи адамдык бийик сапат, дисциплина жана эмгек талап кылынарын кошумчалады.

Кечени соңунда Айсулуу Тыныбековага "ОшМУнун даңкы" медалы жана ректордун Ыраазычылык каты тапшырылды. Айсулуу Тыныбекова мыкты суроо бергендерге кол тамгасы калтырылган белегин тапшырды. Маек учурунда суроо берген студенттердин арасында Ырысгүл аттуу студент толкундануудан ыйлап жиберген. Аталган студентибиз менен кабарлашып ой-пикирин уктук.













## Ырысгүл Нарынова: "Чыдай албай ыйлап жибердим"



Мен, Нарынова Ырысгүл, Кара-Суу районуна караштуу Ак-Жар айылында туулгам. Үй-бүлөдө 5 бир туугандын улуусумун. Жашым 17де. Атам мал-чарбачылык менен алектенет, апам мугалим болуп эмгектенет. 16 жаштан баштап машыктыруучу залга барам, андан бери 2 жыл өттү. Эң алгач агамды ээрчип баргам. 2021-жылдан бери көптөгөн ийгиликтерге жеттим. 15 жолу мелдешке катышып 1-орун үчүн 8 медаль, 2-орун үчүн 4 медаль, 3-орун үчүн 3 медалдын ээси болдум.

Учурда ОшМУнун дене тарбия факультетинин 1-курсунун студентимин. Ушул кесипти өз каалоом, спортко болгон сүйүүм менен тандаганмын. Окуудан сырткары спорт менен алектенем. Жумасына 6 күн Академия ММА залында машыгам. Сатаров Канат жана Абдуманап уулу Илим агайлар менин машыктыруучуларым. Башка бош убактымда апама үй жумуштарында жардам берем, ат мингенди жакшы көрөм.

Айсулуу Тыныбекованы жанынан көрөм, ага жолугам деп эч ойлогон эмесмин. Мен да Айсулуу эжекемдей болуп кыргыздын желегин дүйнөгө желбиреткен кыз болууну самайм. Ошентип, кыялданып жүргөндө кокустан Айсулуу Тыныбекова конок болуп келген иш-чарага катышып калдым. Аны көргөнүмө абдан кубандым, ушунчалык сүрдөгөнүмдөн чыдай албай ыйлап жибердим. Айсулуу Тыныбекова - менин кумирим, мен сыймыктанган инсан. Мен жакшы көргөн айымдардын бири.

**ОшМУнун маалымат борбору**

# 17-НОЯБРЬ ЭЛ АРАЛЫК СТУДЕНТТЕР КҮНҮ БЕЛГИЛЕНДИ

***17- ноябрда студенттер күнүнө карата "Kasiet Grand " ресторанында жогорку деңгээлде майрамдык кече өткөрүлдү.Майрамга жалпысынан 600дөн ашуун студент катышып, ыр бийлер менен коштолуп, атайын конкурстар уюштурулду.Ошондой эле, студенттер үчүн лоторея ойнотулуп, ага сапаттуу кулакчын AIRPODS, ноутбук жана эң башкы байге IPhone 11 PRO үлгүсүндөгү телефон коюлду. Мындан сырткары демөөрчүлөр тарабынан курстарга сертификаттар да ойнотулду. Кеченин башында ОшМУнун коомчулук менен иштөө жана жаштар саясаты боюнча проректору Нуржамал Мапаева баштаган ректордук жамаатка сөз берилип, бир топ студенттер ОшМУнун ардак грамотасы менен сыйланды. Ошондой эле, кеченин ортосунда студенттик акыйкатчы аппаратынын жана студенттик кеңештин жалпы мүчөлөрүнө, факультеттеги төрага-төрайымдарга күбөлүктөр ыйгарылды. Лоторея кеченин үч бөлүгүндө тең ойнотулуп, жеңүүчүлөр аныкталды.***

***Ноутбуктун жеңүүчүсү: Бизнес жана менежмент факультетинин студенти Алмазбек уулу Дайыр***

***Эң башкы белегибиз IPhone 11 PRO телефонунун жеңүүчүсү:Индустриалдык педогогикалык колледжинин студенти Осмонова Айзирек.***







## Студенттик күндүн тарыхы кандай болгон?

Эл аралык студенттердин күнү 1946-жылы 17-ноябрда Чехиянын борбору Прагада студенттердин дүйнөлүк конгессинде бекитилген. Албетте, студенттик күн жаштыктын, шаттыктын жана романтиканын майрамы. Бирок, анын тарыхы, экинчи дүйнөлүк согуш учурунда Чехословакияда башталган трагедиялуу окуяга байланыштуу.

## Канга жуурулган демонстрация

1939-жылдын 28-октябрында Чехословакияда улутчул фашисттер тарабынан оккупацияланган студенттер жана окутуучулар өлкөнүн түзүлгөн күнүн белгилөө максатында демонстрацияга чыгышкан. Демонстрация басып алуучулар тарабынан токтотулуп, медицина факультетинин студенти Ян Оплетал окко учкан. Анын өлүмү көптөгөн студенттерди кайрадан каршылык акциясына чыгууга мажбур кылган.

17-ноябрда жүздөгөн демонстранттар камалып, Чехословакиянын Студенттер кеңешинин тогуз активисти эч кандай соту жок атылган. Гитлердин буйругу менен согуш бүткөнчө чех окуу жайларынын бардыгы жабылган жана мүлку конфискацияланган. 1989-жылы кайрадан студентердин демонстрациясы уланган.

Фашизмге каршы күрөшкөн өлкөлөрдөгү студенттердин эл аралык жолугушуусунда Лондондо 1941-ж. уюштурулган. Бул күн (ар жылы 17-ноябрь) - Каршылык көрсөтүү кыймылына катышкан чехословакиялык баатыр студенттердин эстелигин түбөлүк сактоо үчүн белгиленген. Анткени, Чехословакияны оккупациялап алган фашист, немец баскынчылары 1939-жылдын 17-ноябрында Чехословакия студенттер союзунун жетекчилерин камап, атып, жогорку окуу жайларын жаап, минден ашык студент жана окутуучуларын концентрациялык лагерге айдаган.

Студенттердин эл аралык күнү биринчи жолу 1941-ж. белгиленген. Бул күндүн алдында тынчтык жана достук үчүн күрөштүн эл аралык студенттик жумалыгы (10-17-ноябрь) өткөрүлөт.




# ОшМУнун магистранты жеңил атлетика боюнча Азия чемпиону болду

**Бириккен Араб Эмирлигинин Дубай шаарында алгачкы жолу 21.1 км аралыкка чуркоо боюнча жарым марафон командалык Азия чемпионатында Кыргызстандын кыздар курама командасы 1-орунду ээледи. Команданын курамында ОшМУнун дене тарбия факультетинин магистранты Гулшанай Сатарова чуркады. Магистрант Гүлшанай Сатарова спорттун жеңил атлетика түрү менен 20 жылдан бери машыгат. Ал эми 2020-2021-жылдардан тарта марафон, жарым марафон аралыгына даярданып, мелдештерге катышып келген. Ал айымдар арасында жеңил атлетика боюнча эл аралык спорт чебери наамын алган алгачкы жалгыз кыргыз спортчусу. Азиянын эки жолку чемпиону, эл аралык мелдештердин жеңүүчүсү, Азия оюндарынын жана Иранда өткөн жабык имараттагы Азия оюндарынын күмүш медалынын ээси.**

**Малайзияда өткөн жеңил атлетика турниринде 800 жана 1500 метрге чуркоодо 2 алтын медаль уткан. Сыймыктуу студентибиз менен жакындан баарлаштык.**

***–Саламатсызбы, алгач өзүңүз тууралуу маалымат берсеңиз?***

*–Саламатчылык, мен, Саттарова Гүлшанай, 1992- жылы Өзбекстанда Андижан облусунда төрөлгөм. Биз негизи үй-бүлөбүз менен Өзбекстандан 2010-жылдары Жалал-Абад шаарына көчүп келгенбиз. 2011-жылдан тарта 2018-жылга чейин Жалал-Абаддын ЖАМУ университетинде ден тарбия факультетин окуп бүтүрүп, 2022-жылдан баштап ОшМУга окууга кирдим. Өзүм Ошко турмушка чыкканмын. Бир кызым бар, 2-классты бүтүрүп жатат, буюрса январда 8ге чыгат.*

*2011- жылга чейин Өзбекстан Республикасынын атынан Өзбекстан курама командасынын мүчөсү болуп бир нече жолку эл аралык мелдештерди жеңүүчү болгом. Андан кийин 2010- жылдан тарта Кыргызстанга келип, жеңил атлетика курама командасынын мүчөсү болуп, Кыргызстандын атынан чуркап баштадым жана көптөгөн мелдештерде чыгып мелдештерди утуп келе жатамын.*

***–Дубай шаарында өткөн мелдеш тууралуу айта кетсеңиз, кандай сезимдер болду?***

*–Жеңишке жеткендеги биздин толкундообузду биз сөз менен айтып жеткире албайбыз, ал сезимдер өтө башкача сезимдер. Биз ал күнгө жетүү үчүн канчалаган, көптөгөн мээнет кылабыз мисалы, бир күндө 20 км ден баштап 30 кмге чейин машыгам. Ошол 2 маал токтоосуз тренировка кылабыз. Жадакалса жекшемби күнү дагы машыгуу менен өтөт. Ошентип, бул мелдешке катуу даярданган болчубуз жана өзүбүздүн ойлогон максатыбызды ишке ашырып келдик деп айта алам.*

***–Эмне үчүн ушул спортту тандадыңыз?***

*–Мен негизи 10 жашыман баштап спорт менен алектенем, ага чейин бир жыл каратэ менен машыкканмын. Анткени, ошол учурда менин бир тууган агам каратэ түрү менен машыкчу. Ошондон улам кызыгуу пайда болуп, машыгып баштагам. Тилекке каршы бир жыл гана машыктым, анткени менин бир тууганым каратэ менен машыгуумду каалаган эмес анан дайыма машыгууга барганда спаренге атайын мени чыгарчу. Анткени, экөөбүз чыксак ал мени сабап коёт да анан анын айынан мен машыгуудан кеткенге туура келет. Мына ошондуктан ал спорттон кетүүнү чечкем. Ошол эле учурда жеңил атлетика боюнча кружок ачылып, машыгуулар өтүп баштаганын угуп, мектебибиздеги агайыбызга кайрылып, жеңил атлетика менен машыгып калдым. Жеңил атлетиканы тандаганымдын себеби бул королева спорта деп айтылат. Өзү жеңил атлетика деп аталганы менен өтө оор жана өтө татаал спорт болуп эсептелет. Бул спортту эрктүү жана чыдамкай адам гана алып кетпесе бардык эле адамдар алып кетиши кыйын. Мен жеңил атлетикага аябай катуу байланып калганмын, анткени жеңил атлетика мен үчүн көп эшиктерди ачты деп айта аламын. Көптөгөн мамлекеттерди көргөздү, досторду таптым. Жадакалса адамдар менен мамиле кылганды туура жана так сүйлөгөндү үйрөттү.*



Жаштык буа - ЖИГЕР!
НУР
Студенттердин коомдук-маданий гезити • @oshsu.kg • www.oshsu.kg




*–Мелдеште утулуп калган учурлар да болот эмеспи, ошондой кырдаалдардан кантип чыгасыз?*

*Спортто бирде утуп, бирде уткуруу ызасын тартабыз. Андай учурлар сөзсүз болуп турат. Кээде утабыз, кээде уткузуп коёбуз. Бирок мен дайыма уткузган учурда кайра сүйүнөм, анткени уткан учурда машыгуудан бир аз алыстап калгандыгым себебинен кийинки стартка уткузганымды сезем да. Анткени өзүмдүн үстүмдөн иштегенге жана өзүмө-өзүм мен ушуну жасай аламын жана ушуну ута аламын деген максат менен кайрадан өзүмдү колго алып өзүмө-өзүм сөз берип машыгууга чыгам.*

*–Бул тармакты тандаганыңызда үй-бүлөңүздөн каршылыктар болгонбу?*

*Убагында мага бир топ эле тоскоолдуктар болгон. Менин беш бир тууган акем жана бир эжем бар, апам менен атам тилекке*




*каршы көп жыл мурда кайтыш болгон. Бул спортко атам алып барган, спорт мектепке окууга кирем дегенде апам тоскоолдук кылган. Кыз бала кирбейт деп бирок атам кыз бала болсо дагы бул спортчу болот, чемпион болот дүйнө көрөт деп Андижандагы спорт мектепке окууга берген. Андан кийин эң кичүү байкем да көп жолу тоскоолдук кылган. Спортту ташта, турмушка чык, эгерде турмушка чыкпай мынтип жүрө берсең уят тууган уруктар не дейт деген сөздөрдү айтып, турмушка дагы чыктым. Турмушка чыккандан кийин спортту таштап, турмуш жолунда кетет деп ойлоп калды окшойт. Бирок мен турмушка чыккандан кийин кайра кайын журтумдун, жолдошумдун жакшы колдоо көрсөткөндүгүнөнулантып кеттим. Баарына терең ыраазычылык билдирем! Өзгөчө күйөөмө, анткени күйөөм спортту таштайм деген күндөрүм болгон ошол учурда да мотивация берип, ушунча жылдык мээнеттериңди текке кетиресиңби деп үмүт берген күндөр көп болгон. Азыр баары жакшы, Аллахка шүгүр, үй-бүлөм дагы бир тууган байкелерим дагы аябай колдошот кандай учур болсо дагы жанымда болуп, колдоо көрсөтүп, мени менен сүйүнүчүмдү тең бөлүшөт.*

*–Алдыда койгон максатыңыз, пландарыңыз тууралуу айта кетсеңиз?*

*–Ар бир спортчунун негизи эле бир максаты болот ошол эле максат менде дагы бар. Бул максат олимпиадага баруу. Ошондуктан мен азыркы учурда олимпиадага лицензия алууга тырышып жүргөн учурум. Түндү-түн дебей күндү-күн дебей тынымсыз машыгуудамын. Олимпиадага*



*даярданып жаткан 14 спортчунун арасында менин да аты жөнүм бар. Азыркы учурда мен Америкага окуу машыгууларын өткөнү бара жатамын. Ал жакта январдын башынан чейин машыгуулар ымды өткөрүп, январда кайра келем.*

*Келгенден кийн Кыргызстанда 20 күн машыгып 21-январда Кытайдын Гонконг шаарында чемпионат Азия болот. Марафон боюнча ошол чемпионатка катышып олимпиадага рейтинг топтогонго жана бал топтогонго аракет кыламын. Ал жактан келгенден кийин эле эс алуу жок кайра эле машыгууларым башталат. Ортодо 3 ай убактым болот экен. 3 айдын ичинде Кыргызстанда машыгып 7-апрелде боло турган Париж марафонунда чуркап, ал жакта олимпиадага лицензия толтурганга аракет кыламын.*

*–Студент досторго кеңешиңиз?*

*–Жаш муундарга жана жаш студенттерге айтарым, бир гана спорт тармагында эмес өзүңөр тандаган кесибиңердин артынан катуу иштегиле, эч качан артты карабастан бир гана алдыга карап умтулгула.*

*Дайыма жакшы максат коюп, ошого карап аракет кылсаңар баары Ин Шаа Аллах орундалат. Анткени мен да сиздердей болуп студент учурумда кыялдангам. Ошонун үстүндө аябай аракеттенип, абдан көп машыкканымдын артынан азыр ушундай жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөтүп келе жатамын.*

*–Маек куруп бергениңиз үчүн рахмат! Ийгиликтериңиз арта берсин!*

*–Чоң рахмат! Бар болуңуздар!*

**Г. Максытали кызы**

# БИР СҮРӨТТҮН ТАРЫХЫ



***Искусство, көркөм чыгармачылык – дүйнө таанымдын көркөм образдар аркылуу элестүү чагылдыруунун бир формасы. Сүрөт искусствосу да коомдук-тарбиялык мааниге ээ болуп, адамдын акыл-эсине, ой-сезимине, кыялына таасир этип, коомдук турмушта жана социалдык күрөштө айрыкча чоң роль ойнойт. Инсан коому менен кошо өнүгүп, анын материалдык өсүшүн чагылдырат, коомдук аң-сезимди калыпка салууга көмөктөшөт. Сиздер менен бөлүшүүчү сүрөт да, өзүнө бир канча мазмунду, бир канча тарыхты камтыйт. Картина аркылуу бекитилген окуя, жан дүйнө, сезим - ар бир эле адамдын кызыгуусун жаратат. Биздин "Бир сүрөттүн тарыхы" рубрикабызда дүйнөлүк сүрөтчүлөрдүн шедеврлери жана алардын тарыхы жөнүндө сөз болмокчу. Анда эмесе, кезектеги чыгарылышыбыз баарыңыздарга кызыктуу жана пайдалуу болот деген ишенмичтебиз.***

***Баарына тааныш окуя***

*Федор Павлович Решетниковдун «Дагы эки» деген картинасы советтик живопистин эн белгилүү жана сүйүктүү чыгармаларынын бири. Сүрөттү караган ар бир же дээрлик ар бир адам өзүнө окшош кырдаалда өзүн эстей алат, каалаcard да, каалабаса да, үйгө барып, кандайча жаман баа алганыңызды айтып чыгууга туура келет.*

*Бул сүрөттө эң негизгиси адамдардын фигуралары жана жүзү болуп саналат, алардын позаларынан эле биз маанайды түшүнө алабыз. Алардын жүзүн, алардын чыныгы сезимдерин, ойлорун абдан чечен жеткирет. Сүрөттө биз үй-бүлөнү көрөбүз: эне жана үч бала. Сүрөтчү ар бир каармандын ситуацияга болгон реакциясын сүрөттөгөн. Жана бул реакция ар бир адамдын жүзүн чагылдырат.*

*Бөлмөнүн ортосунда мектептен кайтып келген бала турат. Анын конькилери жип менен байланган портфелинен көрүнүп турат. Бул муз тебүүчү аянтчага караганда окуусуна азыраак көңүл бурганынан кабар берет. Эжеси инисин жемелеп, жактырбагандай карайт. Ал өзү столдун жанында окуу китеби менен турат, сыягы, үй тапшырмасын аткарууга барат. «Дагы эки» - бул кыз жөнүндө эмес, бул кыз мыкты окуучу болсо керек. Балдардын апасы жаңы эле кызы жана кичүү уулу менен жандуу маектешкендир. Бирок, кирип келген ортончу баласынын жузунен: «Дагы эки» деп билинип калды. Бардык кубанычтуу атмосфера ошол замат жок болду.*

*Сүрөттүн аталышынын өзү эле бул окуя баланын - сүрөттүн каармaны менен - көп кездешип турганын көрсөтүп турат. Эч ким таң калбайт, бирок дээрлик бардыгы кыжырданат, анын ичинде байкуш баладагы. Ушул учурда анын жүзүнөн өкүнүү көрүнүп турат: "Э-э, эгер баарын кайра баштасам, эртеден кечке коньки тээп отурмак эмесмин, адегенде сабак окумакмын!" Кичинекей иниси гана ага куулук менен карайт - мындан ары эмне болот? Ал эми бир гана ит - ишенимдүү дос - анын ээсинин күндөлүгүндө кандай баалар бар экенине маани бербейт, ал кубаныч менен анын мурдун жалаганга аракет кылат.*

*Сүрөт качан тартылганын эстейли. Бул 1952-жыл, Улуу Ата Мекендик согуштун аяктаганына 7 жыл болду. Сүрөттө тартылгандардын ичинен иниси гана согуштан кийин төрөлгөн. Эжеси, кызы, согушка чейин төрөлгөн. Башкы каарман согуш маалында кичинекей бала болгон, бирок, албетте, ал адамдар кандай кыйынчылыктарды башынан өткөргөнүн билет жана эстейт. Ошентсе да бул бактылуу үй-бүлө – алардын атасы согуштан кайтып, анан үчүнчү баласы жарык дүйнөгө келген.*

*Үй-бүлө жакшы, молчулукта жашайт. Ошол жылдарга бөлмөнүн эмеректери абдан жакшы, ал тургай бай десек болот. Баланын велосипеди бар, ал бардык балдарда болгон эмес. Бала атасы менен сыймыктанса керек жана ага бир эмес, бир нече жолу онолом деп убада берген чыгаар. Мына эми өкүнүчтүү көрүнүш кайталанып жатат. Албетте, мунун баары картинада сүрөттөлгөн эмес, бирок жакшыраак карап көрсөңүз, бул окуяны болжолдоо оңой.*

**Айзирек Гадаева**

# ПРОБА ПЕРА



***Белекова Сузанна***

***Родилась в городе Ош, родом из Узгенского района. Мне 22 года и я являюсь студенткой 3 курса факультета мировых языков и культур.***

***Сочинять стихотворения - это мое хобби. Я начала увлекаться поэзией ещё со школьной поры. А более —менее серьезно начала писать свои стихотворения только в последние годы.***

***Наряду с этим занимаюсь ещё танцами. Я хореограф одной из известных танцевальных групп в городе - «ЭрАй». Придумываю и сама ставлю танцевальные номера. Также люблю снимать эстетические видео и фотографии в социальных сетях.***

***Что я хочу сказать нашим студентам?***

***«Всегда обучайтесь чему-нибудь новому и не упускайте возможность учиться. Студенческие годы-это самые лучшие годы! Для нас открыты все двери. Верьте в себя и наполните студенческую жизнь новым интересным содержанием!»***

***

*Море, а какое оно?*
*Одинокое? Бескрайнее?*
*Мне знать не дано...*
*Присесть бы на берегу,*
*И приподнести к бризам свою щеку.*
*Рассказать бы тебе, что тревожит;*
*Без чего же, эта дева жить не может.*
*Хочу почувствовать - свежесть и легкость,*
*От куда это моё : "море влюбленность?"*
*Кончиками пальцев дотронуться до твоих волн:*
*Пенистый и тёплый в моём воображении он.*
*Когда-нибудь я буду там,*
*И поговорим мы с тобой по душам...*

***АЛИЯ***

*Подарить бы тебе звезду,*
*Просто так, за доброту*
*Глаза твои сияют, освещая эту темноту.*
*Гуляя с тобой на мосту -*
*Луна озарила твою красоту.*
*Хотел тебе признаться,*
*Но вдруг ты начала прощаться.*
*Помахала слегка рукой,*
*И слилась ты с чужой толпой...*
*Шум бескрайнего моря прошептал,*
*Чтобы я за тобой следом побежал!*
*Кто знает , что за чувства были тогда ,*
*Но я не забуду их никогда.*
*Искал тебя глазами- тут и там ...*
*Вот найду тебя! И никому не отдам!*
*И вдруг остановилось мое дыхание,*
*Услышав ,тихое твоё чихание.*
*Обернулся, и замер я!*
*Ты ли это - Алия ?*
*С чужим ты стояла улыбаясь,*
*С каждой улыбкой я стоял задыхаясь.*
*Не поверил , но ты была*
*Так счастлива , что даже не заметила меня!*
*Может мне стоило признаться ещё тогда ,*
*Когда нам было по двадцать два...*

***

*Он был горделивый, а также болтливый*
*Любил говорить о себе, такой - самолюбивый*
*Держался всегда на высоте ,*
*Благодаря его мечте...*
*Хотел забраться так высоко,*
*Мечтал уехать далеко... далеко...*
*Но вдруг вошла в его жизнь - она:*
*Походка её нежна, но характером сложна.*
*Он потерялся в её глазах*
*Счастливы они были в его снах...*
*Потерялся в этой нежной улыбке*
*Удивлен был он, этой любовной вспышке.*
*Полюбил её настолько сильно*
*через гордость перестуя,*
*что забыл он про себя*
*И повторял ей: «Не могу жить без тебя»!*
*Сколько бы времени он ей не уделял,*
*Сколько бы стихов он ей не сочинял,*
*Ей было этого всё мало*
*Сердце её черствее стало.*
*Хотела стать эталоном красоты,*
*Чтобы она смотрела на других с высоты.*
*Нравилось ей нравиться всем*
*Ненасытной стала насовсем...*

***Весна***

*Весенний ветер касается твоего лица*
*Он легкий, незримый ласкает без конца*
*В раздумье медленно шагаешь,*
*Вспомнив, тяжело вздыхаешь.*
*Но эта ранняя весна,*
*Раздумьями твоими оценена.*
*Хочет изменить тебя,*
*Влюбив она - тебя в себя.*
*Почувствуй щемящим сердцем,*
*Красоту вокруг весеннем.*
*Закрой глаза, глубоко вдохни*
*И эту беззаботную в себе верни.*

***Мои достижения:***

- ***Являюсь стипендиаткой стипендии Ученого совета ОшГУ***
- ***Победительница в номинациях : «Лучший студент» и «Лучшая староста»***
- ***Участвовала в мировых скачках Dubai World Cup 2023”.***

***- Работала бренд Амбассадором в «Meydan Hotel» в Дубае***

- ***Являюсь спикером круглых столов и была награждена сертификатами***
- ***Имею Благодарственное письмо» мэрии города Ош***
- ***Являлась Спикером команды «ENACTUS». Участвовала в межуниверситетских соревнованиях***
- ***Награждена Почетной грамотой ОшГУ как «Лучший студент»***

***

*Позднее лето, тёплое , дневное.*
*Искал я тот самый дом - мне сердцу родное.*
*Он совсем не изменился,*
*В свои драгоценные воспоминания я погрузился...*
*Вдруг вышла из дома она - Джамал*
*-«Как это?!» я про себя пробормотал...*
*Была она в платье белом*
*А тело немного загорелым...*
*Стояло солнце в своём молчанье ,*
*Переливалась её коса создавая лёгкое мерцание.*
*Разбросанные веснушки на твоём лице,*
*Развесив простыни, сидела на к рыльце...*
*Те же самые руки ,*
*Наши с тобой долгие разлуки...*
*Но почему ты тут , смущён был я ;*
*Ведь я пришёл к Жигиту , давние мы друзья*
*Стою я в кителе , в брюках тёмно-зелёных*
*И в военных берцах я чёрных.*
*Смотрю из далека*
*Жигит вышел и обнял тебя слегка...*
*Веснушки твои пропали,*
*А щёки красными вдруг стали!*
*В этот миг я прошептал :*
*«Любовь и дружбу я потерял...»*

# ЭТИМОЛОГИЯ

***Этимология – (грек сөзү “etmymon” – “чындык” жана “logos” – “илим”, “окуу”) сөздөрдүн чыгыш тегин, анын кайсы тилдерден кабыл алынгандыгын тарыхый жактан изилдейт. Күнүмдүк жашообузда колдонуп жүргөн сөздөрүбүздүн түпкү тегине маани бере бербейт экенбиз. Биз пайдаланып эле жүргөн айрым сөздөрдүн тарыхына көз жүгүрттүк, балким сизге да кызыктыр.***

## НААБАЙЧЫ

Тажикче нонвой, пероче нанва болуп айтылган сөз кыргыз тилине кабыл алынганда, нан уңгусунун аягындагы н тыбышы үндүүгө айланып, нан сөзүнүн ордуна созулма менен айтылган наа Иран тилдеринде нанвай сөзүнүн өзү эле "нан бышыргыч" маанисин берип турса да кыргыз тилинде кесипти билдирген -чы мүчөсү сөздүн аягына дагы кошулган.



## АЙНЕК



Араб тилинде айн сөзү "көз" маанисин берет.Анткени ал тамганын жазылышы көздүн сүрөтүн элестетет.Ал сөзгө кичирейтүүчү -ек мүчөсүн кошуп, ирандыктар айнек деген сөздү жараткан.

Ал "көз айнек" маанисин туюнтат. Кыргыз тилине айнек сөзү кабыл алынганда иранчасынан башка мааниси пайда болуп, "терезенин көздөрүнө салына турган шишеден жасалган зат" деген маани берип калган.

## СҮЙҮН



Бул сөз сүй+үн бөлүктөрүнөн турат.Сүй уңгусу бирөөнү сүй дегендеги сүй сөзүнө туура келет.Ага этиштин өздүк мамилесинин -ны мүчөсү уланып, сүйүн сөзү жаралган.Адам сүйүнгөндө таттуу сезимде болуп, өзүнөн-өзү кубанып, кимдир бирөөнү сүйүп калгандай абалда болот.Байыркы түрк тилинде да сев сөзү сүй дегенди билдирсе, севан сөзү сүйүн сөзүнө туура келген.Бардык эле түрк тилдеринде сүй этиши менен сүйүн сөзү тектеш.Экөө бир уңгудан келип чыгат.

## ЫСЫРЫК

Байыркы түрк тилинде ысырык "кабыл, чагыл, тиштетил" сөзү болгон. Ушундай сөздү айтып, алар балдарын эмдеп же көз тийүүдөн сактайт деп түшүнгөн. Бул ысырык сөзү ысыр+ык бөлүктөрүнөн турат.Анын ысыр уңгусу "кап, чак, тиште" маанисин туюнткан.Ага -к мүчөсү уланып, ысырык сөзү жасалган.Мындай мүчө азыркы кыргыз тилинде күй-күйүк, быш-бышык, кызы-кызык сыяктуу учурларда этиштен этиш жасап, өздүк мамиленин -ны мүчөсүнө жакын маани берет.Азыр ысырык-ысырык! деген сөздү арчаны түтөтүп алып айтат.Ушуга караганда, ысырыктын күчү, арчада сыяктанат. Чындыгында ысырыктын күчү ошол сөздүн өзүндө болгон.Алгач ушундай сөздү айтып дубалоо эле жетиштүү болсо, кийин ага арча түтөтүү ырымы кошулган.Болжолу, ысырык-ысырык! (кабыл, чагыл, тиштетил) деп жаш балдарды сестендирүү үчүн айтылган сөз кийин магиялык сөз катары колдонулуп кала берген.Андай болушуна ысыр, ысырык сөздөрүнүн алгачкы мааниси унутулуп калышы да өбөлгө болгон



(Сүрөттөр интернеттен алынды)

**Сейдакматов К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү. Ф., 1988.**

# AKADEMIK ALMASHINUV DASTURI




***ОшМУ менен Фергана мамлекеттик университетин ортосунда түзүлгөн келишимдерге ылайык академиялык мобилдүүлүк программасы ишке ашууда. 2023-2024-окуу жылынын күзгү семестринде ОшМУнун юридика факультетинин юриспруденция адистигинин 2-курсунун студенттери бир ай Фергана мамлекеттик университетинен академиялык мобилдүүлүктөн өтүп келишти. Бул аралыкта Фергана мамлекеттик университетинен да 3 студент ОшМУга келип, юридика факультетинин юриспруденция адистигинде билим алышты.***

***Эки окуу жайдын ортосундагы келишимдерге ылайык студенттер академиялык мобилдүүлүк программасы боюнча окуу учурунда акысыз жатакана менен камсыз болушту. Билим алуу менен биргеликте студенттер достошуп, тажрыйба алмашышты. Жыйынтыгында студенттерге 1 айлык окуудан өткөндүгү тууралуу сертификаттар таршырылды.***

Men Ergashev Yaxyobek Muzaffar o‘g‘li Farg‘ona davlat universiteti tarix fakulteti Yurisprudensiya yo‘nalishi 2- kurs talabasiman. Men Nomozov Boburjon G‘ayratjonovich Farg‘ona davlat universiteti huquqshunoslik yo‘nalishi bo‘yicha 2-kurs talabasiman. Albatta har bir talaba uchun akademik almashinuv bo‘yicha boshqa universitetda ta’lim olish muhim deb o‘ylayman. O‘sh davlat universitetini tanlaganimning sababi O‘zbekiston talabalariga bir qancha qulayliklar mavjud. Tilimiz yaqin, dinimiz bir, qardoshlik aloqalarimiz mustahkam. Shu sababdan biz O‘sh davlat universitetida o‘qishga qaror qildik. O‘zbekiston va Qirg‘iziston davlatlarining bir mintaqada joylashganligi sababli, davlatlarda mavjud siyosiy tuzum, davlat hizmatchilarining faoliyati bir hil. Biz yuridik fakultet talabalari o‘quv jarayonida albatta o‘zimizda mavjud siyosiy tuzum va davlat hizmatchilarining faoliyatini o‘rganamiz, davlatlarimiz bir mintaqada joylashganligi sababli o‘quv jarayonlarida , metodikasida deyarli farq yo‘q. O‘qituvchilarning bizga bergan bilimlari foydali bo‘ldi. Bizga yoqgan taraflari o‘quvchilarning dars jarayonida bemalol o‘z fikrlarini bildirishlari, har bir o‘quvchining fikri e’tibordan chetda qolmasligi va biz dars jarayonlarida deyarli qiyinchiliklarga duch kelmadik, chunki til borasida qiyinchilik bo‘layotgan vaqtida, o‘qituvchi va o‘quvchilarning ko‘p qismi bizga o‘zbekcha tarjima qilib berishlari orqali bizga yordam berishdi. Dars jarayonlarida qiziqarli daqiqalar juda ko‘p bo‘ldi. Biz o‘z fikrlarimizni bildirishimiz bilan boshqa o‘quvchilar ham boshqa fikrlari bilan o‘rtoqlashdi. Bu esa talabalar o‘rtasida qizg‘in munonazaralarga sabab bo‘ldi. Bu esa har bir o‘quvchining tajriba almashinuvida muhim rol o‘ynaydi. Har bir talaba uchun akademik almashinuv dasturi doirasida o‘qish albatta muhim, chunki akademik almashinuv jarayonida o‘quvchi o‘z bilim ko‘nikmalarini oshiradi, boshqa muhitda talaba o‘quvchilar orasida tajriba almashinish bu juda muhim. O‘sh davlat universitetiga o‘z rozichiligimizni bildiramiz!



**Г. Максытали кызы**

# СЫР-СЫЯ

*Мага тааныш музыка....*

*Ооба, мага тааныш болуп жаткан ыргактар көп айтсам менин жашоомдо өзгөчө музыка башкы орунда турат, анткени мен аябай кызыгуучу, сүйүүчү катары кармоого болбогон сезимдерден чыгып сезимдерди жаралаган шедевр чыгармаларды угуп эле койбостон ойногонду жактырамын жана сүйөмүн.*

*Эгер кайсыл бир коомдо бир инсан же бир өспүрүм тандоо катарында жактырган кесибин тандаса, анда ал мыкты адис мыкты келечектин күзгүсү боло алат . Бирок ал аракет кылса жана ар кандай бут тосуу жана дагы ысык суукка карабай койгон максатынан кайтпастыгын биле туруп өз кыялын орундата албай калгандыгы өкүнүчтүү !*

*Мамлекеттик окуу жайда болобу кайсыл жерде болбосун дүйнөлүк салыштырмалуулукда да өзгөчө орунда маданият жана спорт каралат эмеспи ал үчүн чыгармачыл инсандар көп чыгуусу керек.*

*Ош мамлекеттик университетинин окуу жайынан нечендеген таланттуу инсандар чыккан мисал катары атай кетсек Р.Абдыкадыров, Жолболду Алибаев ж.б дагы көптөгөн инсандар тапталып чыккан мындай таланттардын чыгышы жараткан Аллахтын берген мээрими жана себепкер болгон таалим тарбия берген устат агай-эжейлердин түздөн түз эмгеги болуп саналат.*

*Азыркы учурда да таланттуу студент уул кыздар жок эмес, бирок өскөн талантарды колдоо жоктой маданият алсызданып чөлдөгү өскөн гүлдөй сыяктанып тургансыйт . Музыкада музыканын тилинде бир пайыз талант 99 аракет эмгек жатат деп белгилешет.ОшМУда тагыраагы искусство факультетинде студенттер 1-курска тапшырган учурда аябай жигердүү келип мен келечекте мыкты инсан, ырчы же болбосо аткаруучу,же мыкты педагог боломун деп кыял максат коюп келет.*

*Максаттары илгери болгон студент араң гана курсагы тоюп, кусалык менен күн өтөт ошого карабастан ата-энемдин эл караган жүзүн жер караппайын деп жана дагы сүйгөн кесиби музыкалык адистикке тапшырган соң окууну мыкты окууга, катырууга киришет.*

*Эскерте кетчү нерсе окуу башынан ЖОЖдо, искусство до билим алгандыгы үчүн студент эрте менен 8:00дон 13:00го чейин предметтик окуу планына киришип андан кийин 14:00дөн 18:00гө чейин музыкалык кошумча сабактарга киришет андан сырткары музыкалык сабатуулук жакшыртуу үчүн кеч калып даярдануусу керек антпесе кийинки күнү окуу планы дал ушундай кайталанат .*

*Эгер студент жетишпесе балы төмөндөтүлөт*

*Окуу жайда калып даярдануусу үчүн кеч окуу жай 18:00до жабылат деп студенттерди өнөрканадан чыгара баштайт,*

*Пианино, аккардеон, комуз, вокал дагы ар кандай даярдыктар жүргүзбөсө же студент өзүнүн үстүнөн өзү иштебесе өспөйт.*

*Үйгө барган учурда жогорудагы аспаптар менен даярданууга шарт жок жана ойногон учурда да кошунасынан же болбосо жанындагылардан тил угушу мүмкүн .*

*Аракетти жасап студенттик маккамды карманып тытынган менен кыйынчылык боло берсе баары бир максат өз күчүн коё бериши мүмкүн.....*

*Мугалим болобу же болбосо окуу жайды башкарган инсандын же кандай багытта иш болбосун иш жүргүзүүнү жана уюштуруу менен билим эмгекти баарын бирдей башкара алган инсан болсо, өнүгүү жолунда таза продукция чыгат муну менен мен айткым келгени ар тармактуу инсандар окутуучу болсо ректор,мүдүр,башкаруучу болсо кайсыл тармак болбосун өнүгөт эле деген ой камтылат.*



*Тил менен иш бүтүрүү кыйын, жигит киши айтып коюп эмес,жазма түрүндө жана иш түрүндө аткарса жакшы болот талкууну жана ушак айын менен дебатты аял кишилердин кесиби деп айтса болот.*

*Мен ар тармактуу ойлорду камтып айткым келди азыр мен Ош МУнун Искусство факультеттинин 4-курссунун бүтүрүүчүсүмүн*

*4-жыл окуул билим алдым рахмат сага, мамлекеттим жана окуу жайым деп ыраазычылыгымды устат агай-эжейлерге билдиремин, бирок баштан өткөрүп көргөн нерселеримдин 90пайызы башка студенттерде болот, анткени, таланттуу болгон менен колдоо эки бөлөк нерсе .*

*Музыка багыты мыкты таланттуулар чыгышы үчүн колдоо да чоң роль ойнойт деп айта аламын.*

*Бул жазылган ойлор нерселер чындык .....*

*Мен кайсыл учурда болбосун музыкант жана жан дүйнөсү шедеврлерди жазган музыкадагы атактуу инсандардын өмүр чыгармачылыгында алардын көңүлү аябай назик болгондугун айткым келет жана дагы кайсыл учур болбосун ыргак болобу обонбу же аспапта ырдагысы келеби, ойнойбу муну тосуп коюусу булактын көз ачуунун ордуна жабып бетондоп койгон менен барабар болуп эсептелген.*

*Мен окуу жайды ушунчалык окууну сагындым анын үстүнө өнөр жай окуу жайды аяктап кетип бара жатканыма ичим сызып бир жагынан окуу жайда даярданууга уруксат бербегендигине кейидим*

*Анткени, ключ бербей вахтада олтургандар чыгып кеттим ооба алардыкы да туура комендант урушат аларды болсо окуу жетекчиси эмнеге ушинтип жашоо кечиребиз кыргыз эли эптемей эмес баштаган соң чыгарсак болмок мен 1курстан бери ушул нерсеге канааттанбай келемин.*

*Мейли..бул да болсо менин оюм башкалар башка нерсе түшүнсө керек.*

*Бул жашоодо мага ишенген инсан бул Апакем жана устат агай-эжейлердин салымы....*

*Жараткан Аллах Таалага мактоолор болсун.*

**Майрам Шарип кызы**



# ЖАШ ИЛИМПОЗ

***Билим - деңиз, акыл - кайык. Адам канчалык билим алууга умтулса, анын акылы ага жеткирүүгө жардам берет. Студент да билим деңизинде ээн эркин сүзүп жүрүүсү үчүн талыкпай окуп, изденишн жана өзүнүн үстүндө иштөөсү зарыл. Бул үчүн курстук иш, доклад, реферат жана макала жазуу мыкты мисал боло алат. А дегенде макала деген эмне? Макала - журналистикадагы негизги жанрлардын бири. Макала маанилүү көрүнүштү аңдап чыгып, анализ кылат; кайсы бир коомдук мааниси бар көз караштьы же идеяны ырастай турган далилдерди жалпылап, корутунду чыгарат. А биз сиздерге ОшМУнун Юридика факультетининЗ-курсунун студенти Айталиев Барсбектин мыкты маалыматтарды, изденүүлөрдү камтыган "Манас эпосундагы укуктук салттар" аттуу илимий макаласын тартуулайбыз.***

*Аннотация:*

*Бүгүнкү ааламдашуу мезгилинде улуттук наркыбызды кайрадан таанып, баалуулуктарыбызды кийинки келечек муундарына өткөрүп берүү, жазылбаган мыйзамдарыбызды сактоо, колдонуу жана болочоктогу юрист катары элдик оозеки чыгармачылыгыбыздын бардык жанрында кездешкен укуктук мамилелерди талдоо негизги милдетибиз болуп саналат. Ата-бабаларыбыз Конституция кабыл алынганга чейин эле улуттук нарк, каада-салт, адеп-ахлак, адат укугу, үрп-адаттар, жазылбаган кодекстер жана мыйзамдардын негизинде жашап келишкен. Башкача айтканда, биздин күнгө чейин эле укуктук мамилелердин түрүн колдонуп, эч кандай укук бузуу, мыйзамсыз иш-аракеттер, уурулук, талап-тоноочулук болбой эле, тынчтыкта өмүр сүрүшкөн. Андыктан, макалабызда "Манас" эпосундагы айрым укуктук маселелердин берилиши тууралуу кеп кылмакчыбыз.*

*Киришүү*

*Кыргыз элинин улуттук өзүн таанып-билүүсү жана рухий турмушу өткөндүн маданий мурастарын өздөштүрүү жана алардын азыркы учурдагы жаңы мааниге ээ болуусун баалоого байланыштуу залкар сөз чебери Ч.Т. Айтматов белгилегендей, "Манас" эпосу кыргыз рухунун туу чокусу болуп саналат. Ошондуктан элибизде, улуу эпос тууралуу көптөгөн изилдөөлөр, илимий ачылыштар, жазылган эмгектер, ырдалган ырлар бар. Деги эле, улуу дастан тууралуу биз жаш илимпоздор канчалык изилдесек да, эпосубуз бизге океандай тереңдиги менен маалыматтардын булагы болуп кала берет.*

*"Айт-айт десе токтолбой,*
*Ашуудан шамал сокпондой.*
*Күн жүгүрүп канаттайт,*
*Күйгөн элден санаттайт.*
*Он сегиз миң ааламда*
*Теңдешээри жок болгон,*
*Башканы коюп "Манасты" айт! [2, 296 б.] – дегендей, бүгүнкү ааламдашуу мезгилинде улуттук наркыбызды кайрадан таанып, баалуулуктарыбызды кийинки келечек муундарына өткөрүп берүү жаш илимпоз катары биздин милдетибиз болуп саналат.*

*"Манас" эпосундагы укуктук маселелердин кеңири кездешүүсү изилдөөнү талап кылат. Бүгүнкү күндө демократиялуу өлкөдө жашап, мамлекетибизде Конституция кабыл алынып, ага ылайык мыйзамга таянып иш-аракеттер жүргүзүлүп келет. Кыргыздардын тарыхында эң биринчи 1929-жылы 30-апрелде Кыргыз АССРинин Конституциясы кабыл алынган. Ал эми, ата-бабаларыбыз Конституция кабыл алынганга чейин эле улуттук нарк, каада-салт, адеп-ахлак, адат укугу, үрп-адаттар, жазылбаган кодекстер жана мыйзамдардын негизинде жашап келишкен. Башкача айтканда, биздин күнгө чейин эле укуктук мамилелердин түрүн колдонуп, эч кандай укук бузуу, мыйзамсыз иш-аракеттер, уурулук, талап-тоноочулук болбой эле, тынчтыкта өмүр сүрүшкөн. Жогорку*



*сөзүбүздүн далили катары "Манас" эпосунда укуктук маселелердин берилиши тууралуу кеп кылмакчыбыз.*

*"Манас" үчилтигинде укуктук маселелер борбордук орундардын бирин ээлейт. Эпостон укуктук жөнгө салуу механизмин жарым-жартылай берилет, бирок, коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укуктун бир нече түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот. Тактап айтканда, адат укугу өзгөчөлөнүп турат. Ал үчилтиктен көрүнүп тургандай, кыргыздардын укук системасында негизги орунду ээлейт жана үчилтикте чагылдырылган коомдук жөнгө салууда чечүүчү жана башкы орунда турат. Кыргыздардагы адат укугу оозеки салттан, үрп-адаттан турган, үстөмдүк кылуучу тап (манаптар, байлар) тарабынан оозеки түрдө бекитилген, эч жерде жазуу жүзүндө катталбаган, оздон-оозго, муундан-муунга айтылган кыскача накыл сөздөр, макал-лакаптар, үрп-адат, эреже катары сакталып келген укуктук нормалар болуп саналат. Мисалга алсак эпосто төмөнкү ыр саптарында берилет:*

*"Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,*
*Бөлүнүп калды кыргыз деп,*
*Бөлөк элге кеп кетет!*
*Жарылсаң жолборс жеп кетет,*
*Жарылып калды кыргыз деп,*
*Жамы журтка кеп кетет.*
*Асманда учкан алгыр куш,*
*Асманга учуп чыкканда,*
*Канаты менен учуучу*
*Кайрылып жерге конгондо,*
*Куйругу менен конуучу*
*Манастын Манас болгону*
*Айланайын Чубагым,*
*Анда экөөбүздөн болуучу! [3, 440-б.]."*

*Жогоруда мисалда берилгендей, Алмамбет менен Сыргак чалгынга аттанып кеткенден кийин кырк чоро эки бөлүнүп, бир жагына Ажыбай, экинчи жагына Кыргыл баш болуп, байгесине төрт байтал сайып ордо атууга киришет. Ордодон чыр чыгып, Бозуулдун сөзүнө териккен Ырчыуул кошунда жаткан Чубакка барып сен экөөбүздү Бозуул кордоду, сен Алмамбеттен кемсиң, ал колго кан болду, чалгынды да ал чалганы кетти, кеп-кеңешке кирбей бул жерде калдың деп чагым салат. Ала көөдөн, оолукма кыял Чубак Алмамбет кулду соём! — деп күүлөнүп аттанып, нойгуттарды баштап, чалгынга кеткендердин артынан жөнөп калганда алдынан Бакай утурлап чыгат. Аны көргөн Чубак өтүнө албай токтоп калды. Бакай: "Алмамбет билсең сен үчүн кызмат кылып жүрөт", — деп акылын айтты. Бакайдын жүйөөлүү сөздөрүнө муюп, токтоп калды. Мына ушул окуядан адат укугунун берилишин байкасак болот.*

*Эпосто белгиленген кыргыздардагы укук системасынын бирдей маанилүү звеносу болуп бийлердин бүтүмү болуп саналган (бийлердин сотунун практикасы). Коомдук мамилелерди шарият деп аташкан. Мусулман укугу коомдук мамилелерди укуктук мааниде жөнгө салган, бирок, мурдагыдай эле калыптанып калган каада укугуна орун берип, шарият экинчи даражадагы ролду ойногон, "Манас" эпосунда чагылдырылган негизги жоболору келтирилген.*

*Көкөтөйдүн ашында Манастан кагуу жеп,*

*(Уландысы кийинки бетте)*



тил уккан тең ата кандар чыр баштамак болгондо Кошой орчун жыйын үстүндө ыркыбыз кетип, уят болбойлу, азыр ашты Манас бийлеп өткөрө берсин. Аш бүтүп, эл тарагандан кийин өзүм баш болуп барып Манасты алдыңарга жыгып берем деп тыйып койгон экен. Аш тарагандан жыл маалына айланганда он үч кан чогулуп алып, баягы убадаңыз кана? — дешип Кошойго барышат. Кошой камырабай: колуңардан келсе барып Манасты чаап ала бергиле, келбесе тим болгула, карыган кишини эрмектеп тамаша кылбагыла, менин тилимди алсаңар жөн жүргүлө — деп коёт. Мында, Кошой акылмандык менен аксакалдык оюн айтып, чыр чыгаргысы келген хандарды ынтымакка чакырат.

Ай балдарым, койгула,
Акылыңар менен болгула.
Бар кудай Манас кылып салды,
Мен кылган Манас эмес,
Бекер журт алаш эмес.
Оңдурчу Манас эмес,
Оңой журт алаш эмес!
Кобурабаңар, Кошой силерге тамаша эмес!

[1, 240-б.] -деген экен. Мына ушул окуядан улам кыргыз элинде улууну урматтоо жана аксакал адамдардын кеңешин угуп иш тутуу каада укугун сактагандык болуп саналат.

"Манас" эпосунда кылмыш укуктук мамилелер: адам өлтүрүү, денеге залал келтирүү, шылдыңдоо (мазактоо), жеңил жана оор түрүндөгү кылмыштар каралган. Бирок, дагы эле коомдук мамилелерди жөнгө салуунун негизин мүлктүк жана келишимдик укук мамилелер ээлейт. Мисалы, «Кичи чабуулдун» («Кичи казат») башталышына себеп болгон окуяда бул маселелер төмөнкүчө берилет. Семетейдин туулганына арналып берилген тойдо шылтоо таап чыр чыгарып, кыргыздарды чаап алалы деп Коңурбай элине кеңеш курат. Аны угуп калган Алмамбет Бакайга айтат, Алы жетмек беле, чыр чыкпасын, унчукпа деп Бакай Алмамбетти тыйып коёт. Коңурбай чаап алам деп опуза айтканын уккан Манас аттанмак болуп, элине буйрук бергенде, үйүңө келген мейманыңа кол салганың туура болбойт деп аны Кошой тыят. Кытайлар Коңурбайдын чогоол сөздөрү жана арам ой аракети үчүн кечирим сурашып, кыздан тартуу тарталы, чыр чыкпасын деп суранышат. Төштүктүн сунушу боюнча тартууга Алмамбет жактырган Эсенкандын кызы Мыскалды сурашат. Кытайларды ыраазы кылыш үчүн кыздын калыңына көп дүнүйө, мал беришет. Той тынч тарап, эки элдин арасы тынчыйт. Бул жерде келишим укугу аткарылганын билсек болот.

Кыргыз элинин каада-салт жана мусулман укугунан турган укуктук системасы үстөмдүк кылуучу таптын (манаптар, байлар, бийлер, бектер ж.б.) эркин так аткарып, алардын түпкү кызыкчылыктарын коргогон. Калктын жакыр катмары баш ийүүгө аргасыз болгон, анткени мыйзам үстөмдүгү катаал санкцияларды, көбүнчө материалдык формада караган. Жасалган кылмыштар үчүн экономикалык мажбурлоо физикалык мажбурлоодон эң негизгиси болгон жана ал тургай үстөмдүк кылган. Мисалы, эпосто кун доолоо боюнча Семетей менен Үмөтөйдүн чатагы бөлүмүндө берилген. Семетей менен Үмөтөйдүн чатагы окуясында Семетей жакындары менен кеңешип:




Кең Сары-Арка, Ала-Тоо
Этектеш жаткан жер эле.
Казак-кыргыз кайран журт,
Койлору бирге короолош,
Аштары бирге жоролош,
Айылдаш жаткан эл эле.
Айткан сөзгө көнөлү.
Чатакташпай, чырлашпай
Үмөтөй кунун берели [1, 240-б.]." — дешип

Тайбуурулга Үмөтөй сөөгүн жүктөп, көп дүйнө тартуу менен казак колун узатат.

Эпосто үй-бүлөлүк жана никелик укуктук мамилелерди ажырата турган учурлар бар. Тактап айтканда, алар кыргыздардын калыптанган үрп-адаттары жөнгө салынган. Жубайлардын ортосундагы укуктук мамилелерде негизги ролду эркек ойногон. Семетей Коңурбайдан атасы Манастын кунун куушу бөлүмүндө Семетей Айчүрөктү алып Таласка келгенден кийин, күндөрдүн биринде түшүнөн чочуп ойгонду. Бакай, Каныкей баш болгон жакындарын жыйнаган Семетей: "Белди бекем буусак дейм, Бээжиндеги калчадан атамдын кунун куусак дейм", — деп кеңеш салып жолго чыкмак болот. Баатырлар жолго чыгышканда Айчүрөк Семетейдин чылбырына чырмалып, Бээжин алдыра койчу жер эмес, барба деп асылды. Семетей "Жети күндүн бири өлүм, ажал жетсе үйдө жатып да адам өлөт, Казат жолу улуу жол, катын жол тоскону оңобу? — деп чылбырын коё бербей турган Айчүрөктү булдурсун менен капталга тартып жиберип жөнөп кетти. Эти ачынган Айчүрөк: "Барба десем болбойсуң, барганыңдан келбей кал, базар үйүң көрбөй кал", — деп карган калды. Жогорудагы окуядан эпосто аял менен эркек ортосундагы мамиледе эркек кишинин үстөмдүк кылып турушу көп эле жолу берилет. Айрыкча эпостун бардык бөлүмдөрүндө Манас менен Каныкейдин ортосунда да бул мамилелер көп кездешет.

Күнүмдүк турмушта бул мисал келтирилген укуктук мамилелер кыргыз коомчулугунда көп жылдар бою жүрүм-турум ченемдеринин бир түрү катары иштелип чыккан, анын элементтери улуттук меймандостук, улууларды сыйлоо, бөлүштүрүү, карым-катнаш жана белек алмашуу болуп саналган. Мына ушундай кырдаалда кылымдар бою уланып келе жаткан жана элдик оозеки чыгармачылыкта чагылдырылган улуттук өздүк аң-сезимдин негизги баалуулуктарына кайрылуу абдан актуалдуу.

Окумуштуу Ф.Энгельс байыркы гректердин баатырдык эпосунун гүлдөгөн мезгили варвардыктын жогорку баскычына туура келерин көрсөтөт. Ал эми К.Маркс болсо жоокерчилик мезгилде афиналыктарда бийликтин үч органы: 1) жолбашчылардын кеңеши; 2) элдик чогулуш (агора); 3) аскердик жолбашчы (басилевс) болгондугун далилдейт. "Манас" эпосунда да афиналыктардын бир катар белгилеринин бар экендигин ачык көрөбүз. "Манас" эпосунун идеялык мазмунун аныктаган негизги маанилүү бөлүк болуп саналган "Чоң казат" бөлүмүнөн К.Маркс белгилеген бийликтин үч органын жолуктурабыз. Биринчиси, уруу башчыларынын же аскердик аскакалдардын кеңеши. Эпосто көптөгөн уруулар аталып, ар биринин уруу башчылары бар.Мисалы, Манас өзү ногой уруусунан, Акбалта-нойгут, Кошой-катаган жана башкалар. Олуттуу маселелер алгач уруу башчыларынын же аксакалдар кеңешинде каралып, анан бир чечимге келишет. Мисалы, Манас уруу башчылары менен кеңешип, алар маакул болгондон кийин Бээжинге казатка аттанган. Экинчиси элдик жыйын деп аталып, мында уруу башчыларынын бүтүмү жалпы элге, кошуунга (колго) салынган. Эпосто ар бир



(Уландысы кийинки бетте)

*уруу башчысынын өзүнүн эли, уруусу, кошууну бар. Бээжинге казат жасоо жөнүндөгү бүтүм жалпы элге же кошуундарга жарыяланат. Алардын каалоосу, эрки менен эсептешет. Зордоо, күчкө салуу жок экени Манастын Бээжинге казат жасаар алдындагы колго кайрылуусунан көрүнөт:*

*Атым арык дегениң*
*Азыр кайткын үйүңө,*
*Өзүм жалгыз дегениң*
*Эми кеткин үйүңө! [1, 240-б.]*

*Үчүнчүсү, аскердик жол башчы деп аталып, мында жоортуулга аттанаар алдында согуштук кол башчы же аскер башчы дайындалат. Аскер башчынын бардык буйругун жоортулга катышкан ар бир аскер аткарууга милдеттүү. Аскер башчынын бийлиги бекем, чексиз. "Манас" эпосунда адегенде Бакай аскер башчы болуп шайланат. Бирок, аскердик тартипти бекем кармай албагандыктан, кийин ал кызматты Алмамбетке ыйгарышат. Аскер башчы өтө жөндөмдүү, кошуундар арасында барктуу, согуштук стратегияны жана тактиканы мыкты билген адам болууга тийиш. Алмамбет ошол сапаттардын баарына ээ. Афиналыктарга мүнөздүү болгон согуштук стратегиянын жана тактиканын айрым белгилери "Манас" эпосунан учуратабыз. Эпосто кошуундун онго, жүзгө, миңге, түмөнгө бөлүү салты да баяндалат:*

*Онун санап өтүптүр,*
*Он кишиге бир киши,*
*Он башы коюп кетиптир...*
*Жүзүн санап алганы.*
*Жүз адамга бир адам.*
*Жүз башы коюп салганы [2, 296 б. ].*

*Манас баатыр өзү да он башы Тазбаймatka баш ийип келет. Элдин эсебин алган кезде Байматтын бир кишиси жок болуп чыгат. Алмамбет каарданып Байматты жазаламак болот. Көрсө Баймат Манасты унутуп калыптыр. Ушундан улам элде "Манасты унуткандай" деген ылакап сөз тараган. "Манас" эпосунда "Кулаалы таптап куш кылдым, Курама жыйып журт кылдым" деген ыр саптары өтө арбын жолугат. Анткени, Манас баатыр бытыранды урууларды бириктирип, бир түндүктүн алдына чогулта алган. Уруу башчылары адегенде кеңешип Манасты хан көтөрүшөт да, анан бүтүмдү жалпы элге салат:*

*Кары-жашы күңгүрлөп,*
*Каныбыз Манас болду деп,*
*Калктын баары дүңгүрлөп,*
*Көпчүлүк топук алганы*
*Айкөл эрди ошондо,*
*Ай талаада калайык,*
*Кан көтөрүп салды эми [2, 296 б.].*


*Эпосто жоокерчилик доор, ошол кездеги стратегия менен тактика, адамдардын согуш учурундагы карым-катнаш мамилелери да реалдуу көркөм баяндалган.*

*Заманбап доордогу окумуштуулар, профессорлор чогулуп, араң түзгөн эл аралык нормаларды көчмөн кыргыз эли мындан бир нече ондогон кылымдар мурун эле көркөм сөз менен айтып калтырганын баамдай алдым.*

*"Манас" бүтпөс казына. Биз андан кандай баалуулуктарды издесек баарын табабыз. Бул мурасыбызды аздектеп, сактап кийинки муундарга өткөрүп берүү зарыл.*



# НУРТӨЛГӨ



***Кой жылдызы:*** *Сиз сабакка шашып баратып, сумканызды унутуп же алып качарларга алдырып жиберишиңиз мүмкүн. Ошондуктан, койдой жоош болбой, коёндой сак болушуңузду "НУРЧУЛАР" эскертет.*



***Букачар жылдызы:*** *Уверситетте бийлөөнү токтотуңуз. Анткени, букалар бийлебейт да. Эгер ошончолук бийлегиңиз келип жатса, жылдызыңызды текечерге алмаштырыңыз. Ошондо бийкеч жылдызындагылар менен бийлеп каласыз.*



***Эгиздер жылдызы:*** *Бул жылдыздагы кыздарга эсертебиз! Окуу ачылары менен шашып "Новои" паркына түшөсүз. Новоиден "новый" тааныштарыңыз күтүп алат. Бирок, алар менен эгиздей ынак болбой туруңуз. Качан жакын таанышышыңыз керектигин 8-мартка жакын өзүбүз айтабыз.*



***Бөйөн жылдызы:*** *Сиздин жакшы ойлоруңуз бар экендигин "Нурчулар" билип жатышат. Тезинен "Нур" гезитинин редакциясына келиңиз. Болбосо башка бөйөндөр келип алат.*



***Арстан жылдызы:*** *Караңгыда шашып кийинбеңиз. Бир бутуңузга ак, бир бутуңузга кара байпак кийип көчөгө чыгып кетишиңиз мүмкүн. Эгер ошондой чыгып уят болуу алдында турсаңыз "Быйылкы мода ушундай" деген сөздү жаттап алыңыз.*



***Бийкеч жылдызы:*** *Бийкечтеги бийкечтер сулуулана турган күн жакындап калды. Себеби, группалашыңыз турмушка чыгат. Тойго баратканда сары чачыңызды кара кылыңыз. Ошондо сиз жактырган инсандын жүрөгүнөн орун аласыз.*



***Тараза жылдызы:*** *Соодада жолуңуз болот. Себеби, колдонгон таразаңыз туура эмес, өлчөп калгандыктан. Аны оңдобой эле коюңуз, тараза сиздин пайдаңызга иштеп жатат.*



***Чаян жылдызы:*** *Сизге азыраак телефон колдонууну сунуштайбыз. Карантин убагындагы пайдаланганыңыз жетет. Зуум менен ватсапты да эс алдырыңыз. Эшектей иштетпей.*




***Жаачы жылдызы:*** *Сиздин жүрөгүңүзгө сүйүү жебеси келерин "Нурчулар" болжошууда. Сабактар башталып кыздар эски жигиттерине жолугушу мүмкүн. Сиз да жааңызды октой жүрүңүз.*



***Текечер жылдызы:*** *Кайгырбаңыз бул айда сиздин боюнуз өсүшү күтүлүүдө. Канча өсүшү сиздин кийген шиш таканызга байланыштуу. 2 см болсо – эки, 3см болсо – 3. Андан ашыгын айта албайбыз.*



***Суу куяр жылдызы:*** *Өтө сак болуңуз. Жакшы деген жакындарыңыз аркаңыздан суу куюп кетиши мүмкүн. Эгер куйбаса, бизге келсеңиз куюп беребиз. Акысыз.*




***Балык жылдызы:*** *Нуртөлгөнү калтырбай окуңуз. Сиз күткөн нерсе болуп калышы мүмкүн. Эгер жок болуп калса айтыңыз. Ылайыктап жазып беребиз.*

# КРОССВОРД

**Жоопторун: 0703-75-73-71 номерине жөнөтсөңүз болот жана башкы корпустун 001-кабинетине толтуруп алып келсеңиз болот.**

1. Интернеттеги сатиралык сайттардын биринде ушундай сүйлөмдөр бар: «Мен өзү актар тараптамын, бирок, кызылдарды да коргоймун.» Суроо: сөз эмне жөнүндө болуп жатат?
2. Мындан болжол менен бир кылым мурда Августа Дитер чочконун эти менен капуста жегенден кийин анын шеригинин «эмне жедиң? « деген суроосуна «картошка» деп жооп берген. Суроо:анын шеригинин фамилиясы ким?
3. Жер шарындагы эң чоң жанар тоо кайда жайгашкан?
4. Адам жасаган эң бийик курулуш кайсы?
5. 150 жыл ичинде анын 4 гана усулунан пайдаланышкан. Томас Финк жана Майлар өздөрүн китептеринде анын 85 түрүн көрсөтүп беришкен. Суроо: Сөз эмне жөнүндө болуп жатат?
6. Дрезден шаарын кайсы өлкөдөн табат элеңиз?
7. 2008-жылдын башында эң бийик X боюнча Сингапурда рекорд коюлган. Дал ушул Хге бир убакта 784 жүргүнчү баткан. Кийин көп өтпөй жаңы рекорддор коюла баштаган. 2009-жылы Дубайда, андан кийин Пекин шаарында рекорд жаңыланган.

   Суроо: Хти табыңыздар?
8. Бул компания 1992-жылы 29-майда иштеп баштаган. Эң алгач курамында 8 жумушчу болгон. Алгачкы иш жери болуп Ош базары эсептелинет. Учурда бул компаниянын продукциялары чет өлкөлөргө да экспорттолот. Суроо: сөз кайсыл Ата-Мекендик ишкана тууралуу кетип жатат.
9. Өзүн-өзү жейт...
10. XIII кылымда бул нерсе жөн гана көрк катары, XVI кылымдан баштап бул туура, өз багытында колдонула баштаган. XIX кылымда буларды айнектен,карападан же жезден атайын фабрикаларда жасап чыгара башташкан. XX кылымдын 40-жылдары орточо эсеп менен булардын саны бир адамда бир нече даанага чейин жеткен. Суроо:ал эмне?
11. Тырмак узартуу технологиясын өткөн кылымдын 60-жылдарында Генри Ри аттуу адам ойлоп тапкан. Азыр бул технология тырмак пластинасын атайын гель менен жабууну, ультрафиолет нурунун таасири астында материалды полимерлөөнү, андан кийин кемчиликсиз форманы жана коозлоону өз ичине камтыйт. Суроо: Генри Ри адистиги боюнча ким болгон?




Жоопту жөнөтүп жатканда төмөнкүлөрдү толтуруңуз:

Аткарган______________________________;

Факультети______________________________;

Тайпасы______________________________;

Байланыш номери:______________________________.

**Эртабылды кызы Даткайым (+996 703 757 371)**

# Сизге ийгилик!

"Нур" ОшМУнун студенттеринин коомдук-маданий гезитинин журналдык тиркемеси

**Башкы редактору:**
САМАТУЛЛА МАМАТКАРЫ УУЛУ

**Редактордун орун басары:**
Айзирек Гадаева

**Редакциялык кеңеш:**
А. Айтманбетов
Т. Алдакулов
М. Ниязалиев
З. Нуралиева
М. Маматжанов
Д. Бектемир уулу

**Редакциялык топ:**
Канайым Акназарова
Майрам Шарип кызы
Айжаңыл Нурмамат кызы
Айжамал Асланбек кызы
Элмира Асилбек кызы
Гүлзар Максытали кызы

**Фото кабарчы:**
Р. Максутов

Кол жазмалар, фото-сүрөттөр кайра кайтарылбайт жана кат жүзүндө жооп берилбейт. Жарыяланган материалдар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Макалалардагы фактылар үчүн авторлор өздөрү жооптуу. Гезит редакциянын компьютер борборунда терилип, даярдалды. Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн күбөлүктүн №106

**Банктагы реквизиттер:**
ИНН 00207199610017
р-с. 703802401
«РСК-Банк» Ош филиалы
Ош шаары БИК 129039
**Редакциянын дареги:**
Ош шаары, В.Ленин көчөсү 331, ОшМУнун башкы имараты, 219-каана.
Тел.: +996 707 647 902